**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги VI сессиясы

# Т О К Т О М

29.04.2025-жыл № 6-1 Араван айылы

**С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында 2025-жылдын жазгы талаа иштерине даярдык көрүү жана жүрүшү жөнүндө.**

Күн тартибиндеги С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында 2025-жылдын жазгы талаа иштерине даярдык көрүү жана жүрүшү жөнүндөгү маселе боюнча айыл өкмөтүнүн башкы адиси Б.Шайымкуловдун маалыматын угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында 2025-жылдын жазгы талаа иштерине даярдык көрүү жана жүрүшү боюнча айыл өкмөтү тарабынан аткарып жаткан иштери жөнүндөгү башкы адиси Б.Шайымкуловдун маалыматы эске алынсын.
2. С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагындагы дыйкан фермер чарбаларды сапаттуу үрөн, минералдык жер семирткичтер жана күйүүчү, майлоочу материалдар менен камсыз болушун, менчигинин түрүнө карабастан айыл чарба техникаларын жазгы талаа иштерине даярдоону уюштуруп, арык-каналдарды атайын техникалардын жардамы менен тазалоо, СПАлар тарабынан элди уюштуруп, элдин күчү менен ички арыктарды тазалоо, ремонттоо жана талаага алып баруучу жолдорду ирээтке келтирүү иштерин талап даражасында аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. 2025-жылда айыл чарба багытында дыйкан, фермер чарбаларга айыл чарба эгиндеринен жогору түшүм алуу үчүн агротехникалык эрежелерге толук көңүл буруп, айыл чарба өсүмдүктөрүн зыянкечтерден асыроону, сугат суудан үнөмдүү пайдалануу ыкмаларын колдонууну уюштуруу жагы айыл өкмөтүнүн тийиштүү кызматкерлерине жүктөлсүн.
4. Айыл чарба эгиндеринин вегетация мезгилинде сугат суудан үнөмдүү пайдалануу менен дыйкан, фермер чарбаларды сугат суу менен өз убагында камсыз кылуу жана шаалы эгиндерин аянтын кыскартуу боюнча иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын жетекчиси С.Нурдиновго жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин Агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башкы адиси Б.Шайымкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги VI сессиясы

**Т О К Т О М**

29.04.2025-жыл № 6-2 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы жалпы билим берүү мекемелеринде, окуу тарбия иштери жана мектеп окуучуларынын арасында зордук зомбулуктардын алдын алуу боюнча алып барып жаткан иштердин абалы жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы жалпы билим берүү мекемелеринде окуу тарбия иштери жана мектеп окуучуларынын арасында зордук зомбулуктардын алдын алуу боюнча алып барып жаткан иштердин абалы жөнүндө айыл өкмөтүнүн коомдук саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелер боюнча башкы адиси Х.Байназарованын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагындагы жалпы билим берүү мекемелеринде окуу тарбия иштери жана мектеп окуучуларынын арасында зордук зомбулуктардын алдын алуу боюнча алып барылып жаткан иштеринин абалы жөнүндө айыл өкмөтүнүн коомдук саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелер боюнча башкы адиси Х.Байназарованын маалыматы эске алынсын.
2. С.Юсупова айыл аймагындагы жалпы билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди окутуу менен, мамлекеттик программаларда белгиленген иш чараларды аткаруу, жана инновациалык ыкмаларды колдонуу, окуучуларды ар тараптан гармониялык өнүктүрүү, патриоттуулукка жана мекенди сүйүүгө тарбиялоону колго алуу айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин директорлоруна тапшырылсын.
3. Предметтер боюнча мектеп окуучулары арасында өткөрүлүүчү райондук, облустук, республикалык олимпиадаларга окуучуларды катышуусун камсыз кылуу жана окуучуларды олимпиадаларда алдыңкы орундарды ээлешине жетиштирүү боюнча мектептердин мугалимдери бардык иш чараларды аткаруусу белгиленсин.
4. С.Юсупова айыл аймагындагы жаш өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулуктун, укук бузуулардын жана үй-бүлөлүк зордук зомбулуктардын алдын алуу боюнча мындан ары да жаштар комитети, КААБ мүчөлөрү, жашы жетелектер менен иштөө инспекторлору, (ИДН) мектеп директорлору, соцпедагогтор, ата-энелер комитеттери менен биргеликте үзгүлтүксүз иштерди алып баруусу тапшырылсын.
5. Айыл аймагында тышкы миграцияда жүргөн ата-энелер такталып, балдары кимдин колунда калганы жана балдар кандай шартта жашап жатканы, билим алуусу боюнча кабар алуу жагы айыл өкмөтүнүн коомдук саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелер боюнча адистеринин көзөмөлүнө алынсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук-тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

**Т О К Т О М**

29.04.2025-жыл № 6-3 Араван айылы

**С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында мөөнөттүү аскерге чакырууга жана аскерге чейинкилерди каттоого алууда алып барылып жаткан иштер жөнүндө.**

Күн тартибиндеги маселе боюнча айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемированын мөөнөттүү аскерге чакырууга даярдык көрүү жана аскерге чейинкилерди каттоого алуу жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында мөөнөттүү аскерге чакырууга даярдык көрүү жана аскерге чейинкилерди каттоого алуу жөнүндө айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемированын маалыматы эске алынсын.
2. 2025 -жылдын жайкы, күзгү аскерге чакырууну жогорку денгээлде уюштуруп, Араван райондук аскердик комиссариатынын көрсөтмөлөрүнүн негизинде иш жүргүзүү менен айыл аймагында жашаган мөөнөттүү аскерге чакырылуучулардын тизмелерин тактоо, аскерге чакыруу мезгилинде аларды өз убагында келүүсүн камсыз кылуу жана алардын документтерин даярдоо айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспекторлоруна тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүндө каттоодо турган аскердик альтернативдик кызматта турган жарандарды, айыл аймагындагы коомдук иштерге жана жалпы Республикабызда белгиленген ишембиликтерге тартуу менен натыйжалуу иш аткаруусун көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспекторлоруна жана айыл башчыларына жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин социалдык-маданий жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемировага жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

# Т О К Т О М

29.04.2025-жыл № 6-4 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун Хидаят ЖЧК жетекчиси А.Зулпукаров айыл аймагынын АК-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт багытындагы жеринин ичинен 3,0 га жерин багытын кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод багытына которууга (трансформациялоо) макулдук сурап жазган арызы боюнча билдирүүсүн угуп, депутаттар тийиштүү ишкана мекемелердин корутундулары менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу тартиби жөнүндөгү убактылуу жобону” жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын Ак-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт багытындагы жеринин ичинен 3,0 га жерин багытын кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод багытына которууга (трансформациялоо) макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл аймагынын Ак-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт багытындагы жеринин ичинен 3,0 га жерин багытын кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод багытына которууда айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте багытын которуу жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

**Т О К Т О М**

29.04.2025-жыл № 6-5 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун Хидаят ЖЧК жетекчиси А.Зулпукаров айыл аймагынын АК-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт жеринин ичинен 5,0 га жеринен шагыл казып алууга макулдук сурап жазган арызы боюнча билдирүүсүн угуп, депутаттар тийиштүү ишкана мекемелердин корутундулары менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Хидаят ЖЧК жетекчиси А.Зулпукаровго айыл аймагынын АК-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт жеринин ичинен 5,0 га жеринен шагыл казып алууга макулдук берилсин.
2. Хидаят ЖЧК жетекчиси А.Зулпукаровго айыл аймагынын АК-Шаар участкасындагы №66, №78 контурундагы жайыт жеринин ичинен 5,0 га жеринен шагыл казып алууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте кароо жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

**Т О К Т О М**

29.04.2025-жыл № 6-6 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун айыл аймагынын Октябрь айылынын №799, №800, №802, №827 контурундагы 11,80 га коомдук курулуш, 18,20 га жайыт багытындагы жалпы 30,0 га жер аянтынын багытын күн панели багытына которууга (трансформацилоого) макулдук сурап жазган билдирүүсүн угуп, депутаттар тийиштүү ишкана-мекемелердин корутундулары менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу тартиби жөнүндөгү убактылуу жобону" жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын Октябрь айылынын №799, №800, №802, №827 контурундагы (№800 контурундагы коомдук курулуш багытындагы жалпы аянты 11,80 га жер аянтынын ичинен 5,0 га жер аянты калтырылсын) 11,80 га коомдук курулуш 18,20 га жайыт багытындагы жалпы 30,0 га жер аянтынын багытын күн панели багытына которууга (трансформацилоого) макулдук берилсин.
2. Айыл аймагынын Октябрь айылынын №799, №800, №802, №827 контурундагы (№800 контурундагы коомдук курулуш багытындагы жалпы аянты 11,80 га жер аянтынын ичинен 5,0 га жер аянты калтырылсын) 11,80 га коомдук курулуш 18,20 га жайыт багытындагы жалпы 30,0 га жер аянтынын багытын күн панели багытына которууда айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте багытын которуу жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

# Т О К Т О М

29.04.2025-жыл № 6-7 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн карамагындагы көмөк чордондорун (трансформаторлорун) Ош ЭТИна өткөрүп берүү жөнүндө**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун, айыл өкмөтүнүн карамагындагы көмөк чордондорун (трансформаторлорун) Ош ЭТИна кайтарымсыз өткөрүп берүү жөнүндөгү билдирүүсү менен таанышып, сөзгө чыккан депутаттардын ой-пикирлерин угуп, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн карамагындагы төмөнкү көмөк чордондорун (трансформаторлорун) Ош ЭТИна кайтарымсыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

| № | Көмөк чордондордун номуру | Көмөк чордондордун жайгашкан дареги | Көмөк чордондордун кубаттуулугу |
|---|---|---|---|
| 1 | КТП №172 | Токтогул көчөсү | 63 |
| 2 | КТП №288 | Х.Абдуллаев көчөсү | 100 |
| 3 | КТП №215 | А.Навои көчөсү | 100 |
| 4 | КТП №641 | Х.Сидиков көчөсү | 160 |
| 5 | КТП №687 | Сүтхор көчөсү | 160 |
| 6 | КТП №667 | Жомий көчөсү | 250 |
| 7 | КТП №801 | Канал көчөсү | 160 |

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

# Т О К Т О М

29.04.2025-жыл № 6-8 Араван айылы

**Араван районунун 90 жылдыгына карата райондун борборун оңдоп, түздөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунун грантынын эсебинен акча каражатын бөлүп берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Араван районунун 90 жылдыгына карата райондун борборун оңдоп, түздөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунун грантынын эсебинен акча каражатын бөлүп берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван районунун 90 жылдыгына карата райондун борборун оңдоп, түздөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунун грантынын эсебинен 3 000 000 (үч миллион) сом акча каражаты суралсын.
2. Араван районунун 90 жылдыгына карата райондун борборундагы оңдоп, түздөөгө жаткан көчөлөрүндө аткарыла турган иштери такталсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI сессиясы

# Т О К Т О М

29.04.2025-жыл № 6-9 Араван айылы

**Араван айылынын А.Сайдахматов көчөсүнүн тургуну Маматалиев Канахатжон Х.Абдуллаев көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 150,0 чарчы, мт турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызын карoo жөнүндө**

Араван айылынын А.Сайдахматов көчөсүнүн тургуну Маматалиев Канахатжон Х.Абдуллаев көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 150,0 чарчы, мт турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, депутаттардын сунуш пикирлери эске алынып, Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоо, куруууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган обьекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндөгү 2024-жылдын 10-майындагы №240 жобосуну жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12, 18- беренелерин жетекчиликке алып, С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван айылынын А.Сайдахматов көчөсүнүн тургуну Маматалиев Канахатжон Х.Абдуллаев көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 150,0 чарчы, мт турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Араван айылынын А.Сайдахматов көчөсүнүн тургуну Маматалиев Канахатжон Х.Абдуллаев көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 150,0 чарчы, мт турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүдө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесин багытын өзгөртүрүп берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

**Т О К Т О М**

13.06.2025-жыл № 7 -1 Араван айылы

**Араван районунун С.Юсупова айыл аймагынын калктуу конуштарынын башкы планын долбоорун бекитүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак жай, коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги шаар куруу жана архитектура департаментинин Араван районунун С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын калктуу конуштарынын башкы планын долбоорун бекитүү жөнүндө Шаар куруу жана архитектура департаментинин №3 өнөр кана башчысы Түмөнбаев Садыкбек Турдубековичтин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 3- пунктуна ылайык: С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван районунун С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын калктуу конуштарынын башкы планынын долбоору алымча –кошумчасы менен бекитилсин.

2. Башкы пландын долбооруна сунушталган алымча-кошумчасына киргизилүүчү маселелерди жоопкерчиликти сезүү менен так, анык даярдоо жана Шаар куруу жана архитектура департаментине жөнөтүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Б.Шайымкуловго жер адиси Т.Юлдашевге жана айыл башчыларына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин Агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровгө жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
| --- | --- |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

**Т О К Т О М**

13.06.2025-жыл № 7 -2 Араван айылы

**Араван районунун С.Юсупова айыл аймагына караштуу Ош-Араван-Чек-Абад унаа жолунун 19,5,25,0 чакырымында оңдоо иштери башталгандыгына байланыштуу кызыл сызыкка кирип калган жапайы дарактарды кыюу жөнүндө.**

Араван районунун С.Юсупова айыл аймагына караштуу Ош-Араван-Чек-Абад унаа жолунун 19,5,25,0 чакырымында оңдоо иштери башталгандыгына байланыштуу жолдун четиндеги кызыл сызыкка кирип калган 10 түп арча, 34 түп кайрагач дарактарын кыюуга макулдук берүү боюнча № 44 жол эксплуатациялоо ишканасынын 2025-жылдын 11-июнундагы №01-6/118 сандуу каты менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван районунун С.Юсупова айыл аймагына караштуу Ош-Араван-Чек-Абад унаа жолунун 19,5,25,0 чакырымында жолдун четиндеги кызыл сызыкка кирип калган 44 түп (кырк төрт) арча, кайрагачтарды кыюуга макулдук берилсин.
2. Араван районунун № 44 жол эксплуатациялоо ишканасына Ош-Араван-Чек-Абад унаа жолунун 19,5,25,0 чакырымында оңдоо иштери башталгандыгына байланыштуу жолдун четиндеги кызыл сызыкка кирип калган 44 түп арча, кайрагачтарды кыюуда Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл Министрлигинин Ош регионалдык башкармалыгынан уруксат алуусу белгиленсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

**Т О К Т О М**

13.06.2025-жыл № 7 -3 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун айыл аймагынын Октябрь айылынын М.Калыков көчөсүндө жайгашкан №791 контурундагы жайыт багытындагы жана №797 контурундагы коомдук курулуштун багытындагы жер тилкелеринин ичинен жалпы аянты 2,0 га жер тилкесин билим берүү 112- кесиптик лицей багытына которууга (трансформациялоого) макулдук сурап жазган билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын Октябрь айылынын М.Калыков көчөсүндө жайгашкан №791 контурундагы жайыт багытындагы жана №797 контурундагы коомдук курулуштун багытындагы жер тилкелеринин ичинен жалпы аянты 2,0 га жер тилкесин билим берүү 112- кесиптик лицей багытына которууга (трансформация лоого) макулдук берилсин.
2. Октябрь айылынын М.Калыков көчөсүндө жайгашкан №791 контурундагы жайыт багытындагы жана №797 контурундагы коомдук курулуштун багытындагы жер тилкелеринин ичинен жалпы аянты 2,0 га жер тилкесин билим берүү 112- кесиптик лицей багытына которууда айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте багытын которуу жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

# Т О К Т О М

13.06.2025-жыл № 7 -4 Араван айылы

**Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүнүн тургуну Мамитов Муралым Бекташович Октябрь айылында (мурдагы СТФ) жайгашкан 25 жылга ижарага алган 0,49 га мал короо багытындагы жер тилкесинин ичинен 0,20 га жерине мал короо куруугa макулдук сурап жазган арызын кароо жөнүндө.**

Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүнүн тургуну Мамитов Муралым Бекташович Октябрь айылында (мурдагы СТФ) жайгашкан 25 жылга ижарага алган 0,49 га мал короо багытындагы жер тилкесинин ичинен 0,20 га жерине мал короо куруугa макулдук сурап жазган арызы жана тиркелген тийиштүү документтери менен таанышып чыгып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып,
С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүнүн тургуну Мамитов Муралым Бекташович Октябрь айылында (мурдагы СТФ) жайгашкан 25 жылга ижарага алган 0,49 га мал короо багытындагы жер тилкесинин ичинен 0,20 га жерине мал короо куруугa макулдук берилсин.
2. Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүнүн тургуну Мамитов Муралым Бекташович Октябрь айылында (мурдагы СТФ) жайгашкан 25 жылга ижарага алган 0,49 га мал короо багытындагы жер тилкесинин ичинен 0,20 га жерине мал короо куруугa макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

# Т О К Т О М

13.06.2025-жыл № 7 -5 Араван айылы

## Каррак айылындагы №18 Манас орто мектебинин филиалына кичи фудбол аянтчасын куруу жөнүндө

Каррак айылындагы №18 Манас орто мектебинин филиалына кичи фудбол аянтчасын куруу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып,
С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каррак айылындагы №18 Манас орто мектебинин филиалынын жер тилкесинин ичинен 968,0чарчы, мт жерине кичи фудбол аянтчасын курууга макулдук берилсин.
2. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинен №18 Манас орто мектебинин филиалына кичи фудбол аянтчасын курууга бөлүнгөн каражаты максатуу пайдалануусун камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге тапшырылсын.
3 Каррак айылындагы №18 Манас орто мектебинин филиалынын жер тилкесинин ичинен 968,0чарчы, мт жерине кичи фудбол аянтчасын курууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы

**Т О К Т О М**

13.06.2025-жыл № 7 -6 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башсысы С.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө**

"С.Юсупова-Тазалык" муниципалдык ишканасы райондун борборун жана айыл аймагынын айлана чөйрөсүн тазалыгын сактоодо, таштандыларды ташып чыгарууда техникаларынын жетишсиздигине байланыштуу аталган ишкана насыяга (лизинге) атайын заманбап таштандыларды ташып чыгаруучу атайын техника алууда айыл өкмөтү кепилдик бериши боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып,
С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1."С.Юсупова Тазалык" муниципалдык ишканасы таштандыларды ташып чыгаруучу атайын техникасын насыяга (лизинге) алууда айыл өкмөтү кепилдик беришине макулдук берилсин.

2. "С.Юсупова Тазалык" муниципалдык ишканасы заманбап таштандыларды ташып чыгаруучу техникасын насыяга (лизинге) алууда керектелүүчү документтерин даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Б.Шайымкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**